УДК 550.88(145)01
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-313-317

**ТИЛЕКОВА Н.Д.**
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети
**ТИЛЕКОВА Н.Д.**
Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова
**TILEKOVA N.D.**
Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov

# ТАРЫХЫЙ РОМАНДАРГА КАРАТА ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИН ЖҮРГҮЗҮҮДӨ ОКУМУШТУУ К. АРТЫКБАЕВДИН ЭМГЕКТЕРИНИН МААНИСИ

## ЗНАЧЕНИЕ РАБОТ УЧЕНОГО К. АРТЫКБАЕВА В ИССЛЕДОВАНИИ ИСТОРИЧЕСКИХ РОМАНОВ

## THE SIGNIFICANCE OF THE WORK OF SCHOLAR K. ARTYKBAEV IN THE STUDY OF HISTORICAL NOVELS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз эл жазуучусу Качкынбай Артыкбаевдин 1982-жылы жарык көргөн “Кыргыз совет адабияты-нын тарыхы” жана 2004-жылы жазылган “XX кылымдын кыргыз адабиятынын тарыхы” жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептеринин улуттук жазма адабият калыптанып баштаган мезгилинен тарта токсонунчу жылдарга чейинки мезгил аралыгында жазылган романдарга карата кенен адабий талдоолору тууралуу сөз болот.

**Аннотация:** В статье рассматривается литературный анализ исторических романов в учебниках доктора филологических наук, профессора, народного писателя К. Артыкбаева “История кыргызской советской литературы”, изданная в 1982 году и “История кыргызской литературы XX века”, изданная в 2004 году.

**Abstract:** The article examines the literary analysis made on historical novels in the textbooks of Doctor of Philology, Professor, People's Writer K. Artykbaev “History of Kyrgyz Soviet Literature” published in 1982 and the textbook “History of Kyrgyz Literary Arts of the 20th Century” published in 2004.

**Негизги сөздөр:** адабияттын тарыхы; адабий процесс; адабий сын; мезгилдештирүү; тарыхый романдар; тарыхый жана көркөм каарман; көркөм образ; адабий анализ.

**Ключевые слова:** история литературы; литературный процесс; литературная критика; периодизация; исторический роман; исторический и художественный образ; литературный анализ.

**Keywords:** literary history; literary process; literary criticism; periodization; historical novel; historical and artistic image; literary analysis.

Өмүр бою улуттук адабияттын тарыхын изилдеген окумуштуу Качкынбай Артыкбаев өзүнүн эмгектеринде роман жанрын, анын ичинде тарыхый романдарды изилдебей мындан кыйгап өтө албайт болчу. Анын бир катар эмгектеринде кыргыз тарыхый романдарына карата талдоолору азыр адабият таануу менен адабий сындын кайталангыс мурастарына айланды. Айрыкча профессордун “XX кылымдын кыргыз адабиятынын тарыхы” жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китебинде [1] улуттук жазма адабият калыптанып баштаган мезгилинен тарта токсонунчу жылдарга чейинки мезгил аралыгында жазылган романдарга карата кенен адабий талдоолорун жасаган.

Окуу китебинин “Жаңы социалистик коомдогу кыргыз адабиятынын жаралышы жана калыптанышы (1917-1940)” деген бөлүмүндө ошол жылдары жарык көргөн бир катар аңгеме, повесттерге обзордук анализ жасап, “кыргыз прозасында роман жанрындагы чыгармалар отузунчу жылдардын орто ченинен тартып жарала баштайт”, [1, 86-б.] – деп келип, Мукай Элебаевдин “Узак жол”, Касымалы Жантөшевдин “Каныбек”, Түгөлбай Сыдыкбековдун “Кең суу” романдарына кенен анализ жасайт. “Узак жолду” талдап жатып, ал андагы баш каарман Мукайдын көркөм образына кенен токтолгон,”... каармандын реалдуу образын түзүп берүү – бул отузунчу жылдардагы

социалисттик реализм методунда өнүгүп жаткан прозабыз үчүн өз алдынча жаңы көрүнүш болчу...” [1, 87-б.] деп оюн жыйынтыктайт. Андан ары К. Артыкбаев “Каныбек” романын кенен талдоого алган. “Эмнеси болсо да, - дейт, окумуштуу, “Каныбектин” алгачкы китептери ал кездеги кыргыз окурмандары тарабынан жылуу кабыл алынган, анын мындай ийгилиги ал кездеги окурмандардын фольклордук эстетиканын таламдарына али жакын турган кабылдоосу менен түшүндүрүлүүгө тийиш”. [1, 88-б.] Окуу китебинин автору Т. Сыдыкбековдун “Кең суу” романына адилетүү баа берип, анын айрым кемчилдиктерин да жашырган эмес. Ал мындай жыйынтык-бүтүмгө келген: “Албетте, мындай ийгиликтер менен бирге, бул романда сюжет түзүү, айрым бир образдарды сүрөттөө жаатында айрым бир кемчилдиктерге жол берилген. Бул кемчилдиктер кийин элүүнчү жылдары кайрадан редакцияланып, “Тоо арасында” деген ат менен чыккан романында оңдолгон. Дегинкиси, “Кең суу” отузунчу жылдардагы кыргыз адабиятында реалистик романдын калыптанышын айкындаган мыкты ийгиликтердин бири эле”. [1, 89-б.] “Кең сууга” удаа (1939-1940-жылдары) Т. Сыдыкбеков “Темир” романын жазды, - дейт да автор бул боюнча адабиятчы, сынчы К. Асаналиевдин пикирин келтирет. “Бул китеп өзүнүн тематикасы, идеялык багыты менен “Кең суу” романынын түздөн-түз уландысы болду. “Темир” өзүнүн сюжеттик курулушу, композициялык түзүлүшү, образдардын чечилиши жагынан өз алдынча бүткөн чыгарма”. [2, 21-22-бб.]

К. Артыкбаевдин мында сөз болуп жаткан окуу китебинин “Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты” аталыштагы ири бөлүмүндө ошол жылдардагы ондогон аңгеме, повесттерге удаа жазуучу Т. Сыдыкбековдун “Биздин замандын кишилери”, Н. Байтемировдун “Салтанат”, “Акыркы ок” романдары тууралуу айтылып келип, “Тоо арасында” (“Кең суу”), “Каныбек” романдарына кайрадан кайрылат. Автор эми бул романдардын кийинки китептерине жана мурдагыларынын редакцияланып, оңдолгон варианттарына карата талдоо жүргүзөт. Алардын ар бирине адилетүү баа берүү менен окумуштуу алардын улуттук адабий процесстен алган ордун белгилеген.

Окуу китебинин кийинки бөлүмү “60-80-жылдардагы кыргыз адабияты” деп аталып, мында 1961-жылдан 1984-жылга чейинки кыргыз прозасына карата анализ жасалган. Мында да автор алгач ошол жылдардагы аңгемелер менен повесттер тууралуу айтып келип, бир катар романдарга карата ойлорун айткан. “Роман жазууга бел байлаган кыргыз жазуучуларынын ар кимиси өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жанрдын табиятын өздөштүрүп, эл турмушун кеңири чагылдырган чыгармаларды берүүгө аракеттеништи. Кыргызстан жазуучуларынын VI съездинде жазуучу Ш.Бейшеналиевдин “Даңкка жараша жүк” романы чабандардын турмушун, күрөшүн көрсөтүү жагынан айырмаланган чыгарма катары бааланды”, [1, 286-287-бб.] – деп келип буга удаа бир катар романдарды, асыресе, сюжеттери ретроспективдик ыкмада курулган Н.Байтемировдун “Турмуш элеги”, “Санта”, “Тарых эстелиги” жана Ж. Мавляновдун “Бийиктик” романдарын талдоого алынат. Удаа жазуучу Ш. Абдырамановдун “Дыйкандар”, “Гүлазык”, С. Сасыкбаевдин “Түпкүрдөгү нур”, Т. Сыдыкбековдун “Зайыптар”, С. Өмүрбаевдин “Телегей”, К. Каимовдун “Атай”, Ш. Бейшеналиевдин “Болот калем”, “Таалай жолу”, “Урпактар үнү”, М. Борбугуловдун “Элеттик жигит”, Ж. Мавляновдун “Жаңы таң”, Т. Сыдыкбековдун “Курбулар”, “Сыр ачуу”, К. Сактановдун “Адат азабы”, “Абат дүйнө”, С. Өмүрбаевдин “Бороондуу күндөр”, Ш. Садыбакасовдун “Күндөр”, Ө. Даникеевдин “Көкөй кести”, У. Абдукаимовдун “Майдан” романдары кенен талдоого алынган.

К. Артыкбаев жазуучу Узакбай Абдукаимовдун “Майдан” романын айрыкча кеңири талдап келип, анын баш каарманы Качикенин образына ачуудагы автордун ийгиликтерин адилеттүү баалаган, ал мындай дейт: “Автор каарманынын ички дүйнөсүн, психологиялык абалын аналитикалык талдоо аркылуу терең ачуу ыкмаларын сөзсүз орус адабиятынын мыкты тажрыйбаларынан үйрөнгөн”. [1, 291-б.]

Ырас, чыгармачылыктагы таасир маанилүү нерсе, айрыкча, согуш учурунда жоокердин психологиялык абалын кынтыксыз өздөштүрүү, аны көркөм образда каармандын абалы менен синтездештирүү маселесине келгенде кыргыз жазуучулары орустардан үлгү алганы дурус, кеп мында жазуучу У. Абдукаимовдун “Майдан” романындагы баш каарман Качикенин образы тууралуу бара жатат.

К. Артыкбаев сөз болуп жаткан окуу китебинде жазуучу Өскөн Даникеевдин “Көкөй кести” романына айрыкча кенен

токтолуптур. "Ө. Даникеевдин "Көкөй кести" романында улуу Ата Мекендик согуштун учурундагы тылдын турмушу сүрөттөлөт. Бир караган адамга мунун өзү аябай көп жазылган, жедеп тааныш болуп калган турмуштук объект катары да кабыл алынышы мүмкүн. Бирок чыгарманы окуп чыккан окурман согуш мезгилиндеги эч кимдин оюна келбей тургандай турмуш чындыгы сүрөттөлүп жаткандыгына күбө болот. Алыскы улуу тоолордун арасындагы метеорологиялык станцияда иштеген үч жигиттин үй-бүлөсүнүн төрт жыл бою чоң жардан бөлүнүп калган кыйчалыш турмушу жөнүндө, ушул аралыктагы төрт адамдын кайгылуу өлүмү жөнүндө баяндалган бул чыгармадагы күтүлбөгөн катаал кырдаал (экстремалдык кырдаал) биздин эсибизге көп нерселерди түшүндүрүп отурат. Албетте, мында бүт адамзат дүйнөсүнөн ажырап калган Робинзон Крузонун жашоо үчүн күрөшкөн аракетиндей жалгыздык жок. Тургунбек, Дубаш өңдүү жолдошторундай жарактуу болбой талма оорусунан улам армиядан калып калган Мурат, анын келинчеги Сакинай, Тургунбектин энеси Айша, келинчеги Гүлшан, Дубаштын жубайы Дарийка, анан кичинекей Изат – ушул алты адамдын турмуш тиричилигин, ой-санаасын, күрөшүн бир караган адамга жалгыздык деп айтууга эч кандай негиз жок сыяктуу... "Көкөй кести" романынын идеялык-эстетикалык деңгээли кыйла жогору болгондугу үчүн ал коомчулук жана адабия сын тарабынан жакшы катарында бааланып, Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына арзыган". [1, 293-295-бб.] Андан ары автор жазуучу Жунай Мавляновдун "Ачык асман" романын, Сагындык Өмүрбаевдин "Өзгөргөн өрөөн" жана "Бороондуу күндөр", "Көк жайык" романдарын кенен талдоого алып, аларга карата адилеттүү баасын берген. Өндүрүш темасына арналган Ш. Абдырамановдун "Дыйкандар", "Гүл азык", К. Ашымбаевдин "Интергельпо" романдарын, тарыхый темага арналган Ш. Бейшеналиевдин "Болот калем", Н. Байтемировдун "Тарых эстелиги", К. Баялиновдун "Боордоштор", Т. Касымбековдун "Сынган кылыч", К. Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы", "Ыйык жер" романдарын да ушул тарыхый романдар өңүтүнөн карап адилеттүү баа бериптир. Жазуучу Касым Каимовдун "Акырын күтпө" жана Казат Акматовдун "Мезгил" романдарына карата талдоо иштерин да автор ушул бөлүмгө жайгаштырган.

К. Артыкбаевдин окуу китебинин кийинки бөлүмү "Кайра куруу жана капитализмге өтүү мезгилиндеги кыргыз адабияты (жыйырманчы кылымдын аягындагы мезгил)" деген аталыш менен адаттагыдай эле ошол мезгилдин коомдук-маданий кырдаалына, поэзиясына, прозасына, драматургиясына жана кинодраматургиясына карата анализин жасаган экен. "Учурдагы турмуш чындыгын дароо көркөм чагылдыруу жагынан поэзияга салыштырганда көркөм прозанын алда канча "кашаң", "ыкшоо" экендиги байыртан берки адабий тажрыйбадан белгилүү. Бу саам да ошондой болду. Кайра куруу жана капитализмге өтүү мезгилиндеги турмуштук чындык канчалык орчундуу, канчалык татаал, курч экендигине карабастан проза поэзиядагыдай тез, ыкчам, ачык бетке айткандай түз чагылдыра албады", – дейт, автор. [1, 596-б.] Бул бөлүмдү автор Ч. Айтматовдун "Кыямат" романын талдоодон баштаган. Мында ал ар кандай аргумент-фактылар менен аталган романдын көркөмдүк ийгиликтерин белгилеп "... жазуучунун биз реализмдин башкы принциптеринен тайбай, аны ар тараптан байытып, тереңдетип келди деп айта алабыз", – деген бүтүмүн жасаган.

Жазуучу К. Акматовдун "Күндү айланган жылдар" романын, андагы каармандардын көркөм образдарына кенен талдоо жүргүзүп, романдын улуттук адабий процесстен алган ордун белгилейт. "Күндү айланган жылдар" романындагы, – дейт, К .Артыкбаев, – Элебай Сатаровдун, Осмон Атабековдун, Саманчиевдин, Орозбаевдин ж.б. образдарын түзмөк болгондо автор булардын кээ бир окуяларын, библиографиялык маалыматтарын, атүгүл, портреттик кейп-кебете, тулку боюн реалдуу адамдардан алган. Ошондуктан айтайын эле башкача атап койгону болбосо, алардын көп тараптары тарыхта болгон адамдардын элесин көз алдыга келтирип туруп алат да, кантсе да ошол маалыматтардын так, туура болушу жана ар тараптан аналитикалык иликтөөлөргө алынып, терең сүрөттөлүшү өтө зарыл деген талапты эске салат". [1, 600-601-бб.]

Окумуштуу мында кайра куруу жылдардан кийинки адабиятта Сталиндин көркөм образын түзүү аракеттери жасала баштаганын айтып келип, К,Акматовдун сөз болуп жаткан романында да түз болбосо да кыйыр мааниде Сталиндин образы чагылдырылганын айтат. Ушул эле тема (Сталин темасы) жазуучу К. Сактановдун "Маркумдар үнү" романында берилишине

карата оң пикирин билдирип, “... анын оң-терс жактарын объективдүү калыс баяндап берүү аракеттери болгондугун” жазат.

Адабий процессти мезгилдештирүү принцибине ылайык окуу китебиниин “Кайра куруу жана капитализмге өтүү мезгилиндеги кыргыз адабияты” деп аталган бөлүмү улуттук адабияттагы 1985-жылдан кийин жарык көргөн адабий туундуларды талдоого алганы, бир чети, теориялык, методологиялык жактан да туура. Анткени бул жылдарда жазылган чыгармалар мурдагылардан кескин айырмаланып, кайра куруунун деми менен сөз эркиндигине ээ болгон жазуучулук аракеттер жатат.

Жогоруда сөз болгон романдарга удаа К. Артыкбаев сексенинчи жылдардын аяк чендеринде жарык көргөн бир катар романдарга карата обзордук анализин сунуш кылган. “Маркумдар үнүнө” удаа жазуучу З. Сооронбаеванын “Чоочун киши”, К. Жусубаелиевдин “Муздак дубалдар”, Т. Сыдыкбековдун “Көк асаба”, К. Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” Т. Касымбековдун “Келкел”, токсонунчу жылдары жарык көргөн С. Өмүрбаевдин “Өрттүү кечүү”, А. Стамовдун “Жортуул”, Э. Өмүракуновдун “Жылаандар ханышасы”, А. Жакыпбековдун “Теңири Манас” романдарына карата анализ жасалат. Булардын айрымдарына обзордук анализ жүргүзүлсө, ал эми “Көк асаба”, “Көчмөндөр кагылышы”, “Келкел”, “Жортуул” сыяктуу этаптуу тарыхый романдарга абдан эле кенен токтолгон экен.

Кыргыздардын Батыш Сибирь, азыркы Алтай, Саян тоолорунун арасында, Энесай, Орхон дарыяларынын боюнда жашаган мезгилиндеги тарыхый окуяларын чагылдырган (бирок отуз жылдай жарык көрбөй кармалып жаткан) “Көк асаба” романына К. Артыкбаев мында абдан эле адилеттүү баа бериптир. Буга удаа “Көчмөндөр кагылышына” да кенен анализ жасап, романдын реалдуу турмушту реалдуу чагылдырган чыгарма катары баасын берет. “Жалпы алганда он тогузунчу кылымдын экинчи жарымы, жыйырманчы кылымдын башындагы түндүк Кыргызстандын коомдук турмушуна мүнөздүү айрым чындыктар бул чыгармада бир кыйла дурус баяндалган”, [1, 608-б.] – деп жыйынтыктайт. Мында К. Артыкбаев айрыкча “Келкел” романына кенен токтолуп, ошондогу адабий кырдаал тууралуу, кийин аталган бул роман тууралуу жазылган пикирлерге чейин аргумент фактыларды келтирет. Романга беш – алты жыл себепсиз басылбай жүргөндүгүн айтып келип оң баа берген. Окуу китебинен “Жортуул” менен “Жылаандар ханышасы” романдарына карата да мына ушундай кенен анализдин жасалганын көрөбүз.

Ошентип, окумуштуу К. Артыкбаевдин улуттук адабий процессти анализге алуу, андагы этаптуу чыгармаларга (айрыкча, тарыхый романдарга) карата изилдөө иштери кыргыз адабият таануусу менен адабий сынынын ажырагыс бөлүмү болуу менен тарыхта кала турган, аларды ар тараптан изилдей турган эмгек болуп калды.

**Колдонулган адабияттар**

1. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2004, 656-б.
2. Асаналиев К. Түгөлбай Сыдыкбеков. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1962.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Сарыков С.Т.**